Бекитемин
Мектеп директору:
М.Ж.Карымшаков

# У.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин Жыйынтыктоо Мамлекеттик аттестациясы боюнча Апелляцияны кароо жол-жоболору.

1.Талаш-тартыш Комиссиясы ТК жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен 5 адамдан турган курамда түзүлөт.ТК нын курамына билим берүү мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү,директорлорп кеңешинин ,камкордук кеңештин жана ата-энелер коомчулугунун мүчөлөрү тартылат. ПК мүчөлөрү ТК нын курамына кирбейт.

2.ТКнын иштөө тартиби,курамы жана ыйгарым укуктары тарабынан ЖМАнын башталышына бир жума калган убакытта аныкталат,сайтка жайгаштыралат жана окуучуларга,атак-энелерине маалымат жеткирилет.

3.Окуучулар ЖБУнун директорунун наамына дистанттык форматта коюлган баалар менен макул эместиги тууралуу арыз менен кайрылышат ЖБУнун директору арызды ТК га дароо киргизет.

4.ТК окуучулардын жана алардын ата-энелеринин арыздарын кабыл алат жана карайт;аппеляцияны канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат; кабыл алган чечим тууралуу окуучуларга жана анын ата-энесине,ошондой эле ПК га маалымат берет.

5.ТКнын чечимдери токтомдор менен бекитилет.

6.Өз функцияларын аткаруу максатында ТК жалпы билим берүү уюмдардан керектүү документтерге,маалыматтарга жана ПК нын текшерүү токтомдоруна сурам жиберет.

7.Апелляцияны кароо учурунда ТК нын отурумуна каалоосу боюнча окуучулар жана алардын ата-энелери,ПК мүчөлөрү дистанттык түрдө катыша алышат.Апелляцияны кароо адеп-ахлак ченемдерин сактоо менен тынч жана ак дилдүү жагымдуу жагдайда өткөрүлөт.

8.Окуучу коюлган жыйынтыктоочу баа менен макул эместиги тууралуу арызын ЖМА нын жыйынтыктары менен таанышкандан кийин, бир күндөн кечикпей жибериши керек.

9.ТК апелляцияны кароо учурунда төмөнкү эки чечимдин бирин кабыл алат.

-апелляцияны четке кагуу жөнүндө;
-апелляцияны канааттандыруу жөнүндө;

10.Текшерүүнүн жыйынтыктары корутунду түрүндө жазылат.Апелляция жана корутунду түрүндө жазылган текшерүүнүн жыйынтыктары ошондой эле күнү ЖБУга жиберилип,окуучуларга жана алардын ата-энелерине маалымдалат.

26.08.2022-жылдын №1 пед.кеңештин чечими менен кабыл алынды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: А.С.Султанбаева